КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ

ТҮП РАЙОНУ
ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТЮПСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП

**Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын**
**VIII – сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

2025-жылдын 22-апрели № 54 Түп айылы

**Түп айыл аймагына ат майданын курууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» №123 Мыйзамынын 27-беренсинин 1-пунктуна жана 34-беренесинин 1-пунктуна ылайык Түп айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын VIII – сессиясы **токтом кылат:**

1. Түп айыл аймагынын Түп-Кеген трассасынын боюндагы №676-контурунда жайгашкан ат оюндары өтүүчү 31,0 га жер тилкесинин багытын мамлекеттик жайыт жеринен муниципалдык менчик түрүнө багытын өзгөртүүгө макулдук берилсин.

2. Трансформация иштери бүткөрүлгөндөн кийин, көрсөтүлгөн жер тилкесине Түп айыл аймагынын заманбап ат майданын (ипподром) курууга макулдук берилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо Түп айыл өкмөтүнүн башчысы У.К.Турганбаевге, көзөмөлдөө Түп айылдык кеңешинин айыл чарбасы, жерди пайдалануу, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

4. Бул токтомду маалымат-массалык каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жооптуу катчы Ж.Ишембаевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **Абдымамбетов А.Б.**